*Умарбекова А.*
*Таласский Государственный Университет*

# БАШТАЛГЫЧ КЛАССТА ОКУУЧУЛАРДЫН ОКУУ КӨНДҮМДӨРҮН КАЛЫПТАНДЫРУУДА МУГАЛИМ МЕНЕН АТА-ЭНЕЛЕРДИН БИРДИКТҮҮ ИШ АРАКЕТТЕРИ

# СОВМЕСТНАЯ ДЕЯТЕЛЬНОСТЬ УЧИТЕЛЯ И РОДИТЕЛЕЙ В ФОРМИРОВАНИИ УЧЕБНЫХ НАВЫКОВ УЧАЩИХСЯ НАЧАЛЬНЫХ КЛАССОВ

***Түйүндүү түшүнүктөр:*** *мектеп, башталгыч класс, окуу процессин, ата-энелер, изилдөөлөр, көндүмдөр, жетекчилик, проблемалар.*

***Ключевые слова:*** *школа, начальные классы, учебный процесс, родители, исследования, навыки, руководство, проблемы.*

Учурдун талабына ылайык башталгыч класстан тартып окуучулардын билим сапатын көтөрүүгө өзгөчө көңүл бурулуп жатат. Башталгыч мектептен алган билим окуунун кийинки баскычтарында да негиздүү болуп саналат. Ал жөнүндө белгилүү педагог В.А. Сухомлинский «Башталгыч класста билимдердин бекем фундаменти калыптанат», «Башталгыч класс – негиздүүлөрдүн негиздүүсү»[1] - деп белгилеген. Чындыгында башталгыч мектептин негизги милдети – окуучуларды алгачкы бекем билимдерге жана көндүмдөргө ээ кылуу.

Жыл өткөн сайын башталгыч мектептердин окуучуларынын билим сапаты төмөн болуп бара жаткандыгы байкалууда. Атайын жүргүзүлгөн изилдөөлөрдө окуучулардын 38% ти гана окуу көндүмдөрүн өздөштүргөндүгүн, ал эми 62% ти толук өздөштүрө албагандыгын аныктадык. Демек, окуучунун окуудагы жетишпөөсүнүн эң негизги себеби окуучулардын окуу көндүмдөрүнүн толук калыптанбагандыгы.

Башталгыч класста мугалим окуучуларды окуганын түшүнүп, туура, сезимдүү, үн кубултуп жана шар окууга үйрөтүүсү зарыл. Албетте, окуу процессинде бул иш-аракеттер жүргүзүлүп жаткандыгында шек жок. Анда жогорудагыдай жыйынтыктардын келип чыгышынын себеби эмнеде? Биринчиден, класстагы окуучулардын санын көптүгү, мугалимдин бардык окуучуларды бир сааттын ичинде окутууга убактысынын жетишпегендиги; экинчиден, үй-бүлөдө ата-энелердин балдардын окуусуна көңүл бурбагандыгы деп эсептейбиз. Ошондуктан башталгыч класста балдарды окутуу иши мугалимдер менен ата-энелердин биргдиктүү иш аракеттеринин негизинде жүргүзүлүүгө тийиш. Баланын окуу ишиндеги кыйынчылыктарды жоюуда мугалим ата-энелердин жардамына муктаж, ансыз иштин алга жылуусу мүмкүн эмес.

Кенже мектеп курагында балдардын окуусуна ата-энелердин жардам берүүгө мүмкүнчүлүктөрү бар жана алар жардам берише алат. Бул жөнүндөгү ойлор Я.А. Коменксийдин, К.Д. Ушинскийдин, А.С. Макаренконун эмгектеринде айтылып келген.

Белгилүү педагог Я.А. Коменский башталгыч билим берүүнү эне тилди окутуу мектеби деп атаган. Ал баланы окутууда эненин ролуна өзгөчө маани берип, педагогдун эненин катышуусусуз жүргүзгөн иш аракетин натыйжасыз деп белгилейт [2].

К.Д. Ушинский падышачылык Россиянын шартында, элементардык мектептердин саны аз болгон мезгилде үй-бүлөдө энени тарбиячы гана эмес, өз балдарынын мугалими катары көргүсү келген. Ал «Эне тили» (1 бөлүм), «Эне тилин окутууга жетекчилик»,- деп аталган окуу колдонмолорун үй-бүлөдө 8-10 жаш куракка чейинки балдарды окутуп жана тарбиялоого пайдаланса болот деп эсептеген[3].

А.С. Макаренконун эмгектери да үй-бүлө тарбиясынын проблемаларына өзгөчө салым кошкон. Ал баарыдан мурда ата-энелерди тарбиянын максатын жана методун билүүгө чакырган. Демек, башталгыч класстагы окуучунун билим сапатын көтөрүүдө ата-энелер окутуунун максатын, мазмунун жана методун жакшы билүүсү керек. Бул жөнүндөгү пикирлер педагогикалык адабияттарда аз кездешет.

Окутуу иши мектептин милдети катары каралып, ата-энелер бул иште өздөрүн билимсиз сезишет жана өздөрүн обочо кармашат. Бирок башталгыч класстын ата-энелеринин баланы окутууга толук мүмкүнчүлүктөрү бар. Ал ата-энелердин каалоолору аркылуу ишке ашат. Ошондуктан А.С. Макаренко «Тарбиялоонун эң биринчи жана башкы методу – ата-энелердин өзүнө койгон талабы, өз үй-бүлөсүн сыйлоосу, баланын ар бир кадамына ата-энелик көзөмөлү», - деп белгилеген [4].

Мына ушул ойлорго таянуу менен башталгыч класстын мугалими ата-энелерге балдардын окуу көндүмдөрүн калыптандыруу боюнча төмөндөгүдөй мазмундагы педагогикалык жана методикалык билимдерди сунуштаса болот.

Психологияда баланын кенже мектеп курагын сензитивдүү мезгил деп аташып, анын өнүгүүсүндөгү иш-аракеттин негизги түрү окуу экендигин белгилешет. Сензитивдүү мезгил баланын окуусундагы ыгайлуу учур, эгерде бул мезгилде баланын окуу ишкердүүлүгүндө кандайдыр бир кемчиликтер кетсе, анда үйрөнүүчү билим, билгичтик жана көндүмдөрдү жөнгө салуу кыйынчылыктарды туудурат. Ошондуктан ата-энелер баланын окуу иш-аракеттерине башталгыч класстан тартып өзгөчө көңүл буруулары керек.

Үй бүлөдө баланы окуу көндүмдөрүнө үйрөтүү анын мектепке чейинки курагында эле башталган учурлар кездешет. Мындай учурда ата-энелер балдарга тыбыш, тамгаларды таанытып, тыбыштарды кошуп сөздү, сүйлөмдү муун боюнча окууга үйрөтүүсү зарыл. Демек, сөздү окуганда бирден тамганын атын айтып эжелеп окутпастан, муун боюнча окутуп көнүктүрүү керек.

Мектепке окугандан баштап баланын окуу көндүмдөрү мугалимдин жетекчилиги жана ата-энелердин жардамы аркылуу ишке ашат. Бул учурда түшүндүрүп окутуу негиздүү. Түшүндүрүп окутуу – окуунун бардык түрүн ичине алат. Анда баланы туура, сезимдүү, үн кубултуп жана шар окуганга үйрөтүү каралат[5].

Ата-энелер баланын туура окуусуна көңүл буруулары керек. Туура окуу деген сөз – сөздү окуганда ката жибербей, так, сөздү бузбай, интонацияны туура сактап окуу дегенге жатат. Кээ бир окуучулар кайсы бир тыбышты туура айта албай, «р» тыбышын «й» тыбышы менен алмаштырып окуйт. Мындай кемчиликтер 1-2- класстын окуучуларында кездешет. Ошондуктан тыбыштарды тууралап айттырып көндүрүүгө баланы мектепке чейинки куракта эле үйрөтө баштоо керек. Биринчи класстын экинчи жарымында балдар муунду бир нече жолу кайталабай, сөздү муунга бөлбөй окуган абалга жетишүү керек. Айрым учурда балдар ылдам окууга кызыгышат, натыйжада айрым сөздөрдү, тыбыштарды таштап окуп кетишет. Ата-эненин милдети бала окуп жатканда туура окуунун эрежесин бузбай, сүйлөм ичиндеги ар бир сөздү, тыбышты так айтууга жана бир тыбыш менен экинчи тыбышты алмаштырбай окууга үйрөтүү болуп саналат.

Окуучу окуганын түшүнүп, аны айтып берүү менен гана чектелбестен, ар бир сөздү, сүйлөмдү окуп жатканда сезими өзгөчө таасирленип, көңүлүндө күчтүү элестер сакталгандай болгондо гана сезимдүү окууга жетишүүгө болот. Сезимдүү окууга баланы үйрөтүү аркылуу гана окуган сөзүнүн маанисин түшүнөт. Ал эми шар окууга көндүрүү иштери окуучу качан гана туура жана сезимдүү окууну өздөштүргөндөн кийин башталат. 1-класстын окуучусун тез эле шар окууга көнүктүрүү мүмкүн эмес, бирок окуу жылынын аяк чендеринде ага эки, үч сөздөн турган бир эки сүйлөмдөрдү окутуп, түшүнгөнүн айттырып, анан аны шар окуганга үйрөтүүгө болот. Мындай иштерди ата-энелер үйдөн акырындык менен жүргүзө берет. Шар окууга көнүгүү 3-4-класстарга барганча улантылат, бул куракта балдар шар окууну жакшы өздөштүрүп калуусу керек.

Ата-энелер үн кубултуп окууга да маани бериши керек, бала үн кубултуп окуу аркылуу окуу материалынын мазмунун кеңири жана толук түшүнө алат. Эгерде бала үн кубултуп окууну билбесе, ата-эне өзү аңгемени үн кубултуп окуп берет. Окулуп жаткан аңгеменин ичиндеги тыныш белгилерине карай үндү кээде жогору, көтөрүңкү чыгарып, кээде төмөн түшүрүп, кээде үндү жоон, кээде ичке чыгарып, кээде тез-тез, кээде жайбаракат окууга болот. Ошондой эле, бирде мостоюп, бирде күлүмсүрөп кубанып, ачууланып же капалангандык мүнөздү көрсөтүп, үндү ар түрдүү кубулушка келтирип, ар бир сөздүн жана сүйлөмдүн ыргагы менен угуучунун көңүлүн өзүнө буруп окуп берет. Бала да үн кубултуп окууну угуу менен, ата-энесин туурап окуй баштайт. Кийинки окулуучу аңгемени үн кубултуп окуп жатканына эне байкоо салып турат. Айрым жерлерин түздөйт. Окулган материалдын мазмунун айтып берүүдө баланын үн кубултуп айтып берүүсүн талап кылат.

Башталгыч класста окуу көндүмдөрүн калыптандырууда үй-бүлөдө китеп окууну уюштуруунун мааниси зор. Үй-бүлөдө китеп окуу негизинен баланын мектепке чейинки курагында эле жүргүзүлүшү керек. Эгерде ата-энелер балага кичине кезинен эле китептердеги аңгемелерди үн чыгарып, сезимдүү жана үн кубултуп окуп берип жүргөн болсо, анда баланын окуусунда кыйынчылыктар болбойт. Балада китеп окууга болгон кызыгуу артылып, өз алдынча аңгемелерди окуп билимин тереңдете алат. Ал үчүн балдарга арналган китептер менен камсыз кылуу ата эненин милдети. Башталгыч класста окуган баланын жаш өзгөчөлүктөрүн, билимин эсепке алуу менен ата-энелер китеп тандоодо мугалимдерден кеңеш сурашат.

Класстан тышкаркы окууну уюштурууда мугалимдер менен ата-энелердин бирдиктүү иш аракетинин негизинде класстын өзүндө китепкана түзүүгө болот. Ата энелердин демилгеси менен балдарга арналган жаңы китептерди сатып алуу, аларды класс боюнча пайдалануу иши жакшы жыйынтыктарды берет. Мындай китепкананын түзүлүшү класстагы бардык балдардын китеп окушун туура уюштурууга гана жардам кылбастан, аз жана начар окуган балдардын китепке кызыгуусуна жардам кылат.

Үй-бүлөдө китеп окууну жыл боюу улантуу керек. Жайкы каникул мезгилинде да балдардын

бош убактыларын туура пайдаланып, ата-энелер кызыктуу китептерди үй бүлө менен чогуу окууну уюштурушат. Практика көргөзгөндөй 3 айдын ичинде 3-4-класстын окучуларынын шар окуу техникасы 20% ке, ал эми 1-класстын окуучуларынын окуу темпи 60% ке төмөндөөрү белгилүү болгон. Мындай көрүнүш болбоосу үчүн ата-энелер мугалим менен биргеликте бала каникул мезгилинде кандай китептерди окуурун алдын ала ойлонуп, китептерди даярдоо керек.

Жыйынтыктап айтканда, башталгыч класстын окуучуларынын окуу көндүмдөрүн калыптандырууда мугалим менен ата-энелердин бирдиктүү иш аракеттери зарыл. Мугалимдин негизги милдети ата-энелерге методикалык жактан жардам көрсөтүү менен аларды балдардын окуу иштерине жардам берүүсүнө тартуу.

**Адабияттар:**


1. Сухомлинский В.А. Том первый. Избранные педагогические сочинения. В трех томах Москва «Педагогика» 1979. -107б.
2. Коменский Я.А. Материнская школа \\ Избр. Пед.соч.: В 2 т Т.1. М., 1982. С. 229-237
3. Ушинский К.Д. Избр.пед.соч. в 2-х томах. т.1.-М.: Педагогика.-1974. -229с.
4. Макаренко А.С. Книга для родителей Москва «Педагогика» -1988. -245с.
5. Сартбаев К., Акунова А., Мураталиева А. Башталгыч мектепте кыргыз тилин окутуунун методикасы. –Бишкек.-2013. -133 б.